| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №1 Боо-Терек айылы**

***Жер казынасынан пайдалануу укугуна лицензия кармоо үчүн төлөмдөн бекитилген пландан ашык келип түшкөн 8 247 974,48 сом акча каражатты бөлүштүрүү жөнүндө***

Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясын отурумунун корутундусун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Жер казынасынан пайдалануу укугуна лицензия кармоо үчүн төлөмдөн бекитилген пландан ашык келип түшкөн **8 247 974,48** сом акча каражатты төмөндөгүй болуп бөлүштүрүлсүн:
Күмүштак айыл өкмөтүнүн **"Муниципалдык кызмат"** бөлүмүнүн **2211**(жол чыгымы)беренесине50000сом.**2214**(транспорттук кызмат көрсөтүүлөр)беренесинен Нексия кызматтык унааны оңдоого -50 000 сом.
**2215**(башка тейлөө чыгымдар) сметчик,тех.надзор жалдоого -300 000 сом.
Каналдарга мамлекеттик актыларды алууга -650 000 сом.
Айылдык кеңеш жана айыл өкмөтүнүн иш-чара өткөрүүгө -75 000 сом.
Ардактуу атуулду жасатууга (10штук ) -30 000сом.
(Штрафтарды төлөөгө) -277 600 сом.Ар кандай чыгымдарга 200 000,48сом
**2824**(резервдик фонддор) айылөкмөт башчысынын резервдик фондуна 1%-108 000 сом.
**3111**(имараттар жана курулуштар) айыл өкмөтүнүн имаратынын ичин ремонттоого -725 240 сом.
**"Турак жак жай жана коммуналдык чарба"** бөлүмүнүн **2214**(транспорттук кызмат көрсөтүүлөр) беренесинен Айыл чарба иштерине (ирригацияга)солярка алууга -130 000 сом.
**2215**(товарларды жана кызматтарды пайдалануу менен дагы башка кызмат көрсөтүү) көчөлөрдү тегиздөө үчүн грейдер жалдоого -200 000 сом. Көчөлөргө кум-шагыл төгүүгө -1000 000 сом
Мунципалдык ишкананын Бакай-Ата райондук суу чарба башкармалыгына карызын төлөөгө -341 000 сом. МИ матоpуна ар кандай чыгымына 156 000 сом.
**2221**(мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар) Май жана Жон-Коргон айылдарындагы ФАПтардын ажаатканаларына бетон кольцолорун алууга-25 000 сом. Жон-Коргон айылындагы ФАПга бастырмасын ондоого 150 000сом. Тегирмен-Сай конушуна суу чыгаруу үчүн -200 000 сом. Май айылындагы машыгуу залын оңдоп түстөөгө -100 000 сом.
**2222**(жабдуулар.жана матер. сатып алуу ) арыктарга куур-трубаларды алууга -516000сом.
Көчөдөгү жарыктандырууга акылдуу счетчик алып койдурууга -304 000 сом.
Жон-Коргон айылындагы ФАП жылыткыч, тараза алууга -10 000 сом.
Боо-Терек айылындагы машыгуу залын ондоп түзөөгө -24 200 сом.
Кыргызстан айылындагы машыгуу залына мат алууга -100 000 сом.
**3112**(машиналар жана жабдуулар) №9 ҮДТга керектүү эмеректерин алууга -225 400 сом.
№10 ҮДТга керектүү эмеректерин алууга жана ремонтуна -75 890 сом.

Таза суунун скважинасына карагайларды алууга -624 314 сом кыргызстан айылынын сугат сууга матор алууга -135 000 сом

**“Маданият”** бөлүмүнүн **2215**(товарларды жана кызматтарды пайдалануу менен дагы башка кызмат көрсөтүү) беренесинен Ч.Сатаевдин элесине арналган футбол боюнча турнирге -50 000 сом.

Азия чемпионатынан байгелүү орун алган чемпиондорго -150 000 сом. Улуу муундар футбол боюнча мелдештин ар кандай чыгымы 35 000 сом.

**Китепкана бөлүмүнөн 2222** (жабдуулар.жана матер.сатып алуу )китепканага жылыткыч алууга -9000 сом.

**“Бала бакча бөлүмүнөн”**

**2221**(мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар) Сапаралиев бала бакчага 150 000сом.

**3111(имараттар жана курулуштар)** Сүйүн-Апа балдар бакчасына (контейнер алууга, электр системасын орнотууга, кухнясына кафель, сантехника орнотууга) -365 330 сом.

**3112**(машиналар жана жабдуулар) Мекенчил балдар бакчасынын крышасын жылытууга жана печка бастырмасы менен – 500 000 сом.

**“Билим берүү”** бөлүмүнөн **2221**(мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар) беренесинен Т.Чолушев атындагы орто мектебинин аянтын курчоого -47000 сом. Б.Сатыбеков орто мектебинин ремонтуна 29 000 сом.

**“Социалдык камсыздоо”** бөлүмүнүн **2215**(товарларды жана кызматтарды пайдалануу менен дагы башка кызмат көрсөтүү) беренесинен Нооруз майрамын өткөрүүгө -60 000 сом.

**2721**(калкка социалдык төлөмдөр)С.Сыдыгалиевге операцияга жардам катары -
20 000 сом. Э.Раманкуловго операциясына жардам 50 000 сом.

2. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №2** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы ишкердик ишке багытталган имараты бар жеке ишкерлерлер жана юридикалык жактар, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде иштеген ар бир кызматкер таштандыларды ташып чыгаруу үчүн төлөөчү жыйым жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндөгү кодексинин 74-беренесине жана 76-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Күмүштак айыл аймагындагы ишкердик ишке багытталган имараты бар жеке ишкерлерлерге жана юридикалык жактарга, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде иштеген ар бир кызматкерге таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасы 1 жылга 80 (сексен) сом болуп бекитилсин.
2. Жыйымды төлөө жана эсептөөнү тапшыруу мөөнөттөрү (FORM STI-158) учурдагы жылдын 1-июлуна чейин деп бекитилсин. Ал эми учурдагы жылдын 1-июлунан кийин жаңы катталган субъекти үчүн жыйымды төлөө жана эсептөөнү тапшыруу мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык төлөөчүнүн реестрине киргизилген айдан кийинки айдын 20сынан кечиктирилбестен калктуу конуштардын таштандыларды чыгаруу үчүн жыйымдын эсебинен бекитилген формага (FORM STI-158) ылайык тапшыруу бекитилсин.
3. Бул токтом Мамлекеттик салык кызматынын Бакай-Ата району боюнча башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №3** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы тойканалардын, тез татым түйүндөрдүн таштанды чыгаруу кызматы үчүн жана мекеме-уюмдардан от жагуудан чыккан күлдү чыгаруу үчүн төлөнүүчү тарифтери жөнүндө**

"Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Абдышовдун кайрылуусун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Күмүштак айыл аймагындагы тойканалар жана тез татым түйүндөрү үчүн таштанды чыгаруу тарифи 1 айга 100 сом болуп бекитилсин;
2. Муниципалдык ишкана мекеме-уюмдардан (мектептерден, бала бакчалардан ж.б.) от жагуудан чыккан күлдү жана курулуш материал таштандыларын чыгарып кетүү үчүн тарифи КАМАЗ автоунаа үчүн 1 рейсине 2000 сом, чакан автоунаалар (ГАЗ 53 ж.б.) үчүн 1000 сом болуп бекитилсин.
3. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жана "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Абдышовго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №4** **Боо-Терек айылы**

**Катуу түрдөгү курулуш материал таштандыларды жана от жагуудан чыккан күлдү өздүк унаа менен таштанды таштоочу жайга төгүү үчүн тарифтер жөнүндө**

“Күмүштак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Абдышовдун кайрылуусун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Катуу түрдөгү курулуш материал таштандыларды (дубалдын, фундаменттин урандысын, шифер ж.б.) жана от жагуудан чыккан күлдү таштанды таштоочу жайга өздүк унаа менен төгүү үчүн тарифтери төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
   - Камаз үлгүсүндөгү автоунаа үчүн 1 рейсине 700 сом;
   - Газ 53 үлгүсүндөгү ж.б. автоунаа үчүн 1 рейсине 500 сом.
   - Женил автоунаанын (желмаян) прицепи үчүн 1 рейсине 200 сом.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жана “Күмүштак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Абдышовго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №5** **Боо-Терек айылы**

**Жайлоого мал алып чыккан малчылар тарабынан малдын башына төлөнүүчү салыгынын тарифтерин бекитип берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагындагы жайлоого мал алып чыккан малчылар тарабынан төлөнүүчү салыгынын тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчисинин сунушун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттардын XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы муниципалдык ишканага Күмүштак айыл аймагындагы жайлоодогу жайытка мал алып чыккан малчылар тарабынан төлөнүүчү салыгынын тарифтери төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
   - Жылкы башына 150 (жүз элүү) сом;
   - Уй башына 120 (жүз жыйырма) сом;
   - Кой, эчки башына 20 (жыйырма) сом.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жана "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Абдышовго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №6** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн балансындагы трансформаторлорду Бакай-Ата районунун электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесин жетекчиликке алып Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн балансындагы электр трансформаторлор Бакай-Ата районунун электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүлүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КҮМҮШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №7** **Бөө-Терек айылы**

**Жон-Коргон айылындагы мечиттин жана фельдшердик-акушердик пунктунун жер аянттарынын олчомдөрүн озгөртүү жонүндө**

Күмүштак айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтөм кылат:**

1. Жон-Коргон айылынын Э.Сурапов атындагы көчөсүндө жайгашкан мечиттин жана фельдшердик-акушердик пунктунун жер аянттарынын өлчөмүн ченеп, өзгөртүү жагы айыл өкмөт башчысына сунушталсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №8** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан конкурска коюлуучу Күмүштак айыл аймагынын айыл чарба мамлекеттик фондусунун жерлеринин ижара акыларынын баштапкы баасын бекитип берүү жөнүндө**

Күмүштак айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан конкурска коюлуучу Күмүштак айыл аймагынын айыл чарба мамлекеттик фондусунун төмөндөгү жерлеринин ижара акыларынын баштапкы баалары 10 коффициент болуп бекитилсин:

Боо-Терек айылында жайгашкан:

- №7-контур “Кош-Арык” 7 гектар жер аянты;
- №881-контур “Айтыш” 7 гектар жер аянты;
- 1007-контур “Соттолгон жер” 10,55 гектар жер аянты;
- №887-контур “Алтын-Дөбө” 9,5 гектар жер аянты;
- №857 – контур Токманбеттин этеги 2 дрендеги ортосу 9,0 гектар жер аянты.

1-Май айылында жайгашкан:

- №477-контур 25,6 гектар жер аянты;
- №480-контур 2,8 гектар жер аянты;
- №498-контур 31 гектар жер аянты.

**2.** Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**ТОКТОМ**

**2026-жылдын 30-апрели №9** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылынын №416-контурундагы 2,62 гектар жер аянтты Күмүштак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 4-абзацын жетекчиликке алып, Талас облустук сотунун АТ-06-12/26-АД, АТ-06-15/26-АД, АТ-06-13/26-АД, АТ-06-18/26-АД, АТ-06-19/26-АД, АТ-06-10/26-АД, АТ-06-20/26-АД, АТ-06-16/26-АД, АТ-06-17/26-АД, АТ-06-14/26-АД, АТ-06-11/26-АД чечимдерин жана Бакай-Ата райондук прокуратурасынын 2026-жылдын 22-апрелиндеги №А26/164-07-00031 талабын жетекчиликке алып **токтом кылам:**

1. Күмүштак айыл аймагына караштуу Боо-Терек айылынын №416-контурундагы 2,62 гектар жер аянты Күмүштак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынсын.
2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**ТОКТОМ**

**2026-жылдын 30-апрели №10** **Боо-Терек айылы**

**Беккари чуңкурун куруу үчүн жер аянт бөлүп берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси А.Тойчубековдун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтөм кылат:**

1. Кыргызстан айылындагы 261-контурдан 4 сотых жер аянт Беккари чуңкурун куруу үчүн бөлүнүн берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №11** **Боо-Терек айылы**

**Кыргызстан айылында жайгашкан №280 жана №281-контурдагы жер аянттарды муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 5-беренесине ылайык жана Күмүштак айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси А.Тойчубековдун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргызстан айылындагы №280-контурдагы 2,5 гектар жана №281-контурдагы 2,6 гектар жер аянттар айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КҮМҮШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-апрели №12** **Боо-Терек айылы**

Дене тарбия, спорт тармагынын өнүгүшүнө жана айылдын социалдык экономикалык иштерине кошкон салымы, ишиндеги мыкты көрсөткүчтөрү үчүн “Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу маселесин карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XV сессиясы **токтом кылат:**

1. 1-Май айылынын тургуну Истамбеков Суамбек Темирбековичке “Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**